Ош облустук коомдук-саясый гезити

www.oshinfo.kg

# Ош жаңырыгы

ГЕЗИТ 1938-ЖЫЛЫ 14-ОКТЯБРЫНДА НЕГИЗДЕЛГЕН: "КЫРГЫЗСТАН БОЛЬШЕВИГИ", "ЛЕНИН ЖОЛУ"

№38 [16995] ИШЕМБИ, 20/12/2025

## ЖООШ - ЭҢ МЫКТЫ АЙЫЛ ӨКМӨТҮ



3-бетте

## ЖЫЛ АДАМЫ - 2025




4-5-беттерде

## РЫСПАЙ ЖӨНҮНДӨ ЭССЕ ЖЕ АНДАН ЧЫККАН ОЙЛОР



6-бетте

## САНАРИП АРХИВ- ИШЕНИМДҮҮ МААЛЫМАТ БУЛАГЫ



2-бетте

**“Ош жаңырыгы” сиздер менен!**

“Ош жаңырыгы” гезитине 2026-жылдын I жарым жылдыгы үчүн жазылуу жүрүп жатат.

**Жазылуу баасы 6 айга 600 сом (1 даана), 1 жылга 1200 сом.**

Курьер кызматы жана почта аркылуу жазылганда баа өзгөрөт.

Ош облустук коомдук-саясый гезити

Ош жаңырыгы

Ош облустук коомдук-саясий гезити
Ош жаңырыгы

УЮШТУРУУЧУ:
Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлиги

**Башкы редактор:**
КАРАКОЗУЕВ
Асанбек Курманбекович

**Жооптуу катчы:**
Канымжан
Кыдыралиева

**Нөөмөтчү**
Н.Өмүрзакова

Гезит редакциянын компьютердик комплексинде терилип, жасалгаланды. "Принт Мастер" ЖЧКсынын басмаканасында басылды.
Бишкек шаары, Анкара көчөсү 1г
Көлөмү А3 - 2 басма табак
Тел: 0 (312) 53-00-00

**Буюртма №: 1641**
**Нускасы: 2000**

**Реквизиттер:**
Р/эсеп: 4407011102006594
Бик: 440701, КР ФМ Борбордук казынасы
ИНН: 02401202310360
ОКПО: 31708371, Ош шаары МСКБ 032

**Дареги:** 723500, Ош шаары, Курманжан датка көчөсү, 209-үй.

Жарыяланган макалалар редакциянын толук көз карашын билдирбейт.
Жарыя-жарнамалардын текстине редакция жооп бербейт.
Кол жазмалар кайтарылбайт.

**Байланыш:**
Кабылдама: 7-13-34
Жооптуу катчы: 7-10-02
Жарнак бөлүмү: 7-11-31
E-mail: oshjan@mail.ru

Гезитибиздин сайтына жогорудагы QR-код аркылуу кириңиз.

Гезитибиздин келе жаткан жаңы сандарына жазылууга жана жарнама кызматы үчүн жогорудагы QR-кодду колдонуңуз.
Терең урматтоо менен,
"Ош жаңырыгы" гезитинин редакциясы!

# Аманкан Кенжебаев Араван районунда болду







Президенттин Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлү Аманкан Кенжебаевдин райондорду кыдырып, жергиликтүү эл менен жолугушуусу Араван районунда уланды.

Жолугушууга облустук мекеме-ишканалардын, укук коргоо органдарынын жетекчилери жана район тургундары катышып, социалдык маселелер боюнча түз суроо-жооп форматында ачык диалог жүрдү.

Тургундар негизинен жер тилкеси, турак жай, жол, мектеп, бала бакча, электр энергиясы, калкты тейлөө тармагындагы кемчиликтер, таза суу, сугат суу, экология, айыл чарба жана спорт маселелерин көтөрүштү. Облус жетекчиси ар бир суроого жеке көңүл буруп, тиешелүү жетекчилерге дароо тапшырмаларды берди. Айрым маселелер жеринде чечилип, калгандары боюнча так тапшырмалар берилди.

Аманкан Кенжебаев жарандардын маселелери өз убагында жана сапаттуу чечилиши үчүн бардык мамлекеттик кызматкерлер жоопкерчилик менен мамиле кылышы керектигин баса белгиледи.

Белгилей кетсек, облус жетекчисинин эл менен жолугушуулары Ош облусунун бардык райондорунда улантылууда.

# Ошто “Базалык курс” тренинги өттү

Ошто мамлекеттик-жеке өнөктөштүк (МЖӨ) багытындагы “Базалык курс” аттуу окутуу тренинги өткөрүлдү. Иш-чара Ош мамлекеттик университетинде уюштурулуп, ага облус аймагындагы мамлекеттик органдардын, шаардык мэрияларДын жана айыл өкмөттөрүнүн өкүлдөрү катышты.

Тренингдин ачылышына Президенттин Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн биринчи орун басары Илияз Ташбаев катышып, МЖӨ механизмдеринин аймактарды өнүктүрүүдөгү маанисин белгиледи.

Окутууда МЖӨнүн мыйзамдык базасы, долбоордук цикл, өнөктөштүк түрлөрү, финансылык моделдөө жана тобокелдиктерди башкаруу сыяктуу негизги темалар камтылды. Катышуучулар интерактивдүү тапшырмалар жана практикалык көрсөтмөлөр аркылуу тажрыйба топтошту.

Иш-чаранын максаты — МЖӨ инструментин аймактарда өнүктүрүү, жергиликтүү кадрлардын потенциалын жогорулатуу жана инвестиция тартуу процесстерин күчөтүү.

Тренингди уюштурууда Президенттин өкүлчүлүгү жана өнөктөш уюмдар тарабынан бардык шарттар камсыздалды.

**Даярдаган:**
**К.Кыдыралиева.**

**Келечек үчүн**

# САНАРИП АРХИВ- ИШЕНИМДҮҮ МААЛЫМАТ БУЛАГЫ

Архив- бул мамлекеттин жана коомдун тарыхый эс тутуму сакталган өзгөчө мекеме. Жалпыбызга маалым болгондой, архивдерде мамлекеттин тарыхын чагылдырган документтер – мыйзамдар, чечимдер, кат алышуулар, фото жана аудио материалдар, карталар жана башка маанилүү булактар сакталат. Тарыхчы изилдөөчүлөр архив документтерин колдонуп, жаңы илимий эмгектерди жаратат. Архив документтери жарандын укуктук статусун тастыктоого жардам берет. Мисалы: жер тилке, эмгек стажы, туулгандыгы же менчик укугу боюнча маселелерде архивден алынган маалыматтар негизги далил катары колдонулат.



Ош шаардык мамлекеттик архивинде 12-декабрь - Улуттук адабият күнүнө карата элдин улуттук өзгөчөлүгүн, руханий дүйнөсүн чагылдырган баалуу материалдардын негизинде атайын кече уюштурулду. Анда залкар жазуучу Чыңгыз Айтматовдун чыгармаларынан үзүндү, монологдор айтылып, сахналаштырылган көрүнүштөр коюлду. Айрыкча архив адистери Бегайым Сманалиева, Нуржамал Жусуева, Чынара Кыдырова, Сания Таалайбекова, Гүлмира Маматованын аткаруусундагы ”Саманчынын жолу” повестинен Толгонай менен жер эненин монологу, “Майсалбектин каты”, “Кылым карытар бир күн” романынан Найман эненин монологу таасирленти.

Бул күн Кыргыз Эл жазуучусу Чыңгыз Айтматовдун туулган күнү менен белгилүү акын Алыкул Осмоновдун каза болгон күнүнө туштальп, Кыргыз Өкмөтүнүн чечими менен 2011-жылдан бери жыл сайын белгиленет. Быйыл, 2025-жылы Улуттук адабият күнүнө 14 жыл болду. Кыргыздын залкар жазуучусу Чыңгыз Айтматов 1928-жылы 12-декабрда Талас облусундагы Шекер айылында туулган. Белгилүү жазуучунун көзү тирүү болгондо быйыл 97 жашка толмок.

“Архивдерде элдин маданиятын, улуттук өзгөчөлүктү жана руханий дүйнөсүн чагылдырган материалдар сакталат. Алардын ичинен кол жазмалар, сүрөттөр, гезит-журналдардын байыркы сандары, кинохроникалар өзгөчө баалуу. Булар маданиятты өнүктүрүүгө, келечек муундарды тарыхый мурастар менен тааныштырууга өбөлгө түзөт”- дейт Документтерди пайдалануу жана жарыялоо бөлүмүнүн жетектөөчү архивисти Кызжибек Абдыкадырова.

Бүгүнкү күндө архив иши санариптешүү багытында активдүү өнүгүүдө. Документтерди электрондук базага киргизүү, санарип архивдерди түзүү маалыматтарды тез табууга, коопсуз сакталышын камсыздоого жана кеңири колдонууга мүмкүнчүлүк түзөт. Санарип архивдер келечек муундар үчүн дагы ишенимдүү маалымат булагы болуп берет.

“Архив документтери мамлекеттик органдардын ишмердигин тартипке келтирүүгө жардам берет. Мисалы, мурда кабыл алынган токтомдор, келишимдер же мыйзам долбоорлору боюнча маалымат керек болгондо, тиешелүү документтер дал ушул архивден табылат. Бул жарандардын укуктарын коргоодо, юридикалык маселелерди чечүүдө жана мамлекеттик чечимдерди кабыл алууда чоң мааниге ээ”-дейт башкы архивист Гүлмира Маматова.

Албетте, архив иши – мамлекеттин туруктуулугунун, коомдун билимдүүлүгүнүн жана тарыхый эс тутумунун негизги бөлүгү. Документтерди сактоо жана системалаштыруу аркылуу архивдер өткөн менен келечекти байланыштырып турат. Ошондуктан архив ишин өнүктүрүү жана анын баалуулугун жогорулатуу – ар бир мамлекет үчүн маанилүү.

**А.Матиева.**

# ЖООШ - ЭҢ МЫКТЫ АЙЫЛ ӨКМӨТҮ

**Кара-Суу районундагы “эң мыкты айыл өкмөттөрүнүн катарына Жоош айыл өкмөтү кирет. Анткени, маданият, айыл чарбасы, мал чарбасы, экономикасы, өнөр жайы, соода-сатык боюнча алдыңкы орунда турат.**

**Азыркы учурда жоош айыл өкмөтүн Калмуратов Мамбет Маматалиевич жетектейт. Айыл өкмөтүнүн аппаратында өз кесибин так билген, тажрыйбалуу адистер эмгектенишет.**



-2025-жыл да өтүп баратат. Быйылкы жылы кандай иш-чаралар өткөрүлгөндүгү тууралсында Жоош айыл өкмөтүнүн башчысы Мамбет Маматалиевичтен сураганыбызда ал мына буларды айтып берди.

Кара-Суу районуна караштуу Жоош айыл аймагында




2025-жылдын 17-октябрында, “Аймактарды өнүктүрүү – Уңгу жолдун багыты” аттуу республикалык семинар-кеңешме болуп өттү. Иш-чара “Эң мыкты айыл өкмөтү” мамлекеттик сынагынын жыйынтыгынын негизинде уюштурулду. Белгилей кетсек, Кара-Суу райондундагы Жоош айыл өкмөтү аталган сынакта экинчи топтун арасынан жеңүүчү болуп тандалган.

Семинар-кеңешмеге Президенттин Администрациясынын Стратегиялык пландоо жана реформаларды талдоо бөлүмүнүн башчысы, башкармалыктын начальнигинин орун басары Октябрь Капалбаев, Президенттин Администрациясынын уюштуруу иштери жана аймактар менен өз ара аракеттенүү бөлүмүнүн аймактарды өнүктүрүү секторунун башчысы Уланбек Далиев, Мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча мамлекеттик агенттиктин директору Кудайберген Базарбаев, ошондой эле өлкөнүн бардык аймактарынан келген 200гө жакын мамлекеттик жана муниципалдык кызматкерлер катышышты.

Иш-чаранын алкагында “Улуттун уюткусу” долбоорунун алкагында көргөзмө уюштурулуп, катышуучулар Жоош айыл аймагынын имараты жана Сыдык Джолдошев атындагы айылдык тарыхый музей менен таанышышты.



Семинар-кеңешменин негизги максаты — айыл аймактарды өнүктүрүү боюнча мыкты тажрыйбаны жайылтуу, социалдык-экономикалык өнүгүүнү чыңдоо, инфраструктураны жакшыртуу жана инвестиция тартуу аркылуу жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишмердигин өркүндөтүү болуп саналат.

Кара-Суу районунун 90 жылдык маарекесине жана Кыргыз Республикасынын Эгемендүүлүгүнүн 34 жылдыгына арналган майрамдык кече Жоош айыл аймагында өзгөчө шаң менен өткөрүштү. 2025-жылдын 29-август күнү, Кыргыз Республикасынын Президентинин: 2022-жылдын 20-майындагы ПЖ №157 “Улуттук нарк жөнүндө”, 2024-жылдын 18-декабрындагы ПЖ №369 “Улуттук дем – дүйнөлүк бийиктик” уңгу жолу жөнүндөгү Жарлыктарынын алкагында, ошондой эле Кара-Суу районунун 90 жылдык маарекесине карата, Жоош айыл аймагынын Кум-Арык айылында улуттук маданиятты даңазалаган зор маанидеги иш-чара – “Ыр кесе – 2025” финалдык бөлүгү болуп өттү. Бул иш-чара ата-бабалардан калган улуттук салт-санааны жандандыруу, Инсандын руханий жана адеп-ахлактык өнүгүүсүнө салым кошуу, Коомчулуктун ынтымагын бекемдөө жана улуттук маданиятты кеңири жайылтуу максатында уюштурушкан. Ыр, күү, салттуу оюндар, улуттук тамак - аш жарманкеси, салтсанаа, улуттук нарк, сүрөт көргөзмөсү, ыр тамаша кошулган бул кече элдин көңүлүн көтөрүп, жаштарга өрнөк болчу руханий азык тартуулашты.







## Сүттү кайра иштетүү ишканасы ачылды

2025-жылдын 29-август күнү Кыргыз Республикасынын Президенти Садыр Нуркожоевич Жапаровдун катышуусунда Кара-Суу районунун Жоош айыл аймагына караштуу Кум-Арык айылында дагы бир маанилүү объект –“ЫРЫС” сүттү кайра иштетүүчү цехинин ачылыш аземи онлайн режиминде өткөрүлдү.

“Ырыс” сүттү кайра иштетүү ишканасы күнүнө 3 миң литр сүттү кайра иштетип, 19 адам жумуш орду менен камсыз болду. Цех замандын талаптарына ылайык жаңы технологияларды колдонот. Долбоордун наркы — 350 миң доллар. Бул ишкана айылдагы жаштар үчүн жумуш орду гана эмес, аймактагы жеке ишкердикти өнүктүрүү, жергиликтүү экономикага салым кошуу, жана мамлекет менен жарандык коомдун биргелешкен аракетинин көрүнүктүү мисалы болуп саналат. Бул иш-чара Кара-Суу районунун 90 жылдык маарекесине жана Кыргыз Республикасынын Эгемендүүлүгүнүн 34 жылдыгына арналып, аймакта жеке сектордун өсүшүн колдоп, жалпы өлкөбүздүн өнүгүшүнө жаңы дем берүү максатын көздөйт. Иш-чара көптөгөн ишкерлерге жана жаштарга шыктандыруу берет деген ишеничтебиз.

## Унаа жолунун ачылышы

Кара-Суу райононундагы Жоош айыл аймагынын Калинин айылында Кара-Суу районунун 90 жылдыгына карата жаңыдан асфальт төшөлгөн Агартуу-Калинин Жылкелди унаа жолунун ачылыш аземи болуп өттү. Бул салтанаттуу иш-чарага Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаты Козуев Алишер Абибиллаевич, Кара-Суу районунун мамлекеттик администрациясынын башчысы-аким Табалдиев Канат Касенович жана Жоош айыл өкмөтүнүн мурдагы башчысы Балтабаев Айбек Зундуевич, жергиликтүү кеңештин депутаттары, айыл аксакалдары, жаштар, аялдар, жалпы эле айыл тургундары катышышты. Аталган жол республикалык бюджеттен каржыланып, жалпы узундугу 3 км. аралыкты түзөт.

Асфальт төшөө иштери райондук № 45 Жол тейлөө ишканасы тарабынан жүргүзүлдү.

**Б. Ысакова.**



**Жеңишбек Токторбаев,**
*Ош шаарынын мэри*



**Шерикбай Жапанов,**
*Алай райондук мамлекеттик администрациясынын башчысы-акимдин орун басары*



**Акжол Махмудов,**
*грек-рим күрөшү боюнча дүйнөнүн эки жолку, Азиянын үч жолку чемпиону, Олимпиада оюндарынын күмүш жана коло медалдарынын ээси, Ислам оюндарынын чемпиону*



**Мунарбек Сейитбек уулу,**
*мушкер, Олимпиада оюндарында күмүш байгесинин ээси жана Дүйнө чемпионатынын коло байгесинин ээси, Ислам тилектештиги оюндарынын күмүш медалынын ээси*



**Аида Рахманова,**
*Араван райондук мамлекеттик администрациясынын башчысы-акимдин орун басары*



# ЖЫЛ АДА



**Шайлообек Кожогелдиев,**
*Ош облустук Р.Абдыкадыров атындагы филармониянын Т.Эшбаев атындагы фольклордук топтун жетекчиси*



**Урматбек Таабалдыев,**
*Кара-Суу районундук Үй-бүлөлүк медицина борборунун бөлүм башчысы*



**Айдарали Арыков,**
*Ош облустар аралык бириккен клиникалык ооруканасынын "көз микрохирургия" бөлүмүнүн башчысы*



**Алтынбек Исмаилов,**
*"Алтын калем" адабий сыйлыгынын ээси, акын*



**Жакып Мамажанов,**
*Араван райондук билим берүү бөлүмүнүн башчысы*



**Сайрагүл Камбарова,**
*Кара-Кулжа районундагы И. Орозалиев атындагы мектептин ашканасынын башчысы*



**Акболуш Тиленбаев,**
*Ноокат районундагы Жаңы-Ноокат айыл өкмөтүнүн башчысы*



**Искендер Пазылов,**
*Чоң-Алай райондук эмгек социалдык камсыздоо жана миграция башкармалыгынын башкы эсепчиси*



**Зулайхо Рахманкулова,**
*"Хамиджан ата" мектепке чейинки билим берүү уюмунун башчысы*



**Кубанычбек Ибраимов,**
*Кара-Кулжа райондук ардагерлер кеңешинин төрагасынын орун басары*



**Ахрор Розбаев,**
*кикбоксинг боюнча дүйнө чемпиону*



**Манзурахан Саткинова,**
*Ноокат районунун мамлекеттик администрациясынын бөлүм башчысы*



**Талантбек Кармышаков,**
*Кара-Кулжа райондук мамлекеттик администрациясынын башчысы-акимдин биринчи орун басары*



**Эркайым Шарипова,**
*Философия илимдеринин доктору, профессор, Кыргызстандын Түштүк философия коомунун төрайымы*



**Динара Абдырахманова,**
*Чоң-Алай райондук билим берүү бөлүмүнүн башчысынын милдетин аткаруучу*

# МЫ - 2025





**Али Канчибаев,**
*Ноокат шаарынын Суу канал муниципалдык ишканасынын директору*



**Дайырбек Адыров,**
*Алай райондук жалпы дарыгердик практика борборунун директору*



**Самат Дүмүров,**
*Араван районундагы С.Юсупова айыл өкмөтүнүн башчысы*



**Дилфуза Апсаматова,**
*Кара –Суу районундагы №46-С.Мамагов атындагы орто мектебинин мугалими*



**Руслан Алайчиев,**
*Өзгөн районундагы Кароол айыл өкмөтүнүн башчысы*



**Акмурза Жээнбеков,**
*Алай райондук электр тармактар ишканасынын башчысы*



**Адилет Акматали уулу,**
*Чоң-Алай райондук суу чарба башкармалыгынын башкы эсепчиси*



**Ирсалат Имарова,**
*Ноокат аймактык ооруканасынын дарыгери*



# РЫСПАЙ ЖӨНҮНДӨ ЭССЕ ЖЕ АНДАН ЧЫККАН ОЙЛОР

**(Башталышы мурунку санда)**

Биз адамдар кээде кай жерлик экендигибизди сураган учурда жерибизди атасак, мүмкүн ал жерди билбей калышы да ыктымал, албетте мындайда баланчаны, түкүнчөнү билесиңби деп белгилүү адамдардын атын атап, ошол киши менен бир айылдан экендигибизди билдирет эмеспизби. Менде да ошондой учурлар көп болуп, ириде Р.Абдыкадыровдун жердеши экендигимди билдирчүмүн, арийне, азыр да бул оюмдан кайтпайм. Мен мурунку Совет районунун Калинин колхозунда, азыркы Сары-Булак айыл өкмөтүнүн Ажике өрөөнүндө туулгандыгыма сыймыктанам. Биздин жердин кышы катаал келип, кээде беш-алты айга созулуп, жаз-жайы өзгөчө керемет сулуулукка бөлөнүп, жашыл кымкап жамынып, адамдар сүктангысыдай эле аймак. Кыргыздар ата-текти, кайсыл уруудан экендигибизди сүрүштүргөн калкпыз, Сары-Булак айыл өкмөтү төмөнкү, жогорку деп шарттуу түрдө экиге бөлүнүп, төмөнкү жагында Сары-Баргы, Булаш уруулары, ал эми жогорку жагында негизинен Кара-Баргы, Таз-Баргы жана Булаш (чоң уруусу Теңизбай) уруулары жашашат. Алар ынтымактуу келишип, жамандык-жакшылыктары, той-топурлары бирге болуп, кыз алып, кыз берип, "жер тамырынан – эл тамыры көп" дегендей чырмалышып, бири-бирисиз эч кандай салт-санааларын өткөрүшпөйт. Биз жаш кезде Калинин колхозунда Свердлов жана Ажике деген эки гана мектеп болор эле, азыр анын аймагында алты мектеп бар. Балалыгым Кара-Токту, Ажике жайлоолорунун кокту-колотторунда өтүп, мектептин босогосун алгач Ажике орто мектебинде аттагам. Биздин Тегерек-Саз айылынан мектепке чейинки аралык үч чакырымга жакын келип, жөө-жалаң барчубуз. Чоң класстар эрте менен, төмөнкү класстар түштөн кийин окушчу. Төмөнкү класстарга окуу эки жарымда башталчу. Өзүм теңдүү жаш балдар менен үйдөн он-он бирлерде мектепти көздөй чыгып, жолдугата эки командага бөлүнүп күрөшүп, же сай бойлой салып, суулардан меңдешип секирип, кээ бирде мерчемге жетпей, сууга түшүп калып, бут кийимдер далай жолу мылгыма болгон, анын азабынан бешинчи класста өпкөмө суук тийип, ооруканага жатууга туура келген. Ошондуктан алтынчы класстын жарымында мени атам мектеп-интернаттын директору менен сүйлөшүп, окууга алып келген. Жарым айдай көнө албай жүрүп, кийинчерээк окууга алаксып кеттим. Мектепте окуп жүргөндө жакшы окуп, классташтарым - Жарасул, Бегимбай, Жумагул, Маалимбү болуп, аттары аталбай калса кечирим сурайымын, бир топ сабактардан райондук, облустук олимпиадаларга катышып байгелүү орундарга илешип жүрдүк. Албетте, бул жерде биздин окуткан агай-эжелерибиздин эмгеги зор, атап кетсем математикадан Таажыкан эжеке, физикадан Шаакерим агай, химиядан Мамытбек агай, чет тилден Акин агай, кыргыз тили жана адабиятынан Жамал эжеке, дагы бир канчалары. Көптөрүнүн көзү жок, бул ааламдан өтүп кетишкен, алардын элестерине таазим кылмакчымын. Чоң ыракмат, сиздердин эмгегиңиздерге!!! Биздин класстан жакшы окугандыгыбыз үчүн Крымдагы Бүткүл Союздук Артек пионер лагерине эс алууга үчөөбүз барып келгенбиз, мына ушунун өзү эле, агай-эжекелердин канчалык мыкты даражада эмгектенгендиктеринин белгиси эмеспи. Агайлардын көпчүлүгү билим берүүнүн мыктысы болушту, ал эми Таажы Абдыкадырова "Кыргыз Республикасынын билим берүүсүнө эмгек сиңирген мугалим" наамына ээ болду. Сиздер окуткан балдардын бардыгы турмуштан орун таап, ар түрдүү кесиптин ээлери болушту. Атап кетсем, Жарасул Абдураимов көптөгөн жетекчилик кызматтарда жүрүп, КР Президентинин Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлү, "Кыргыз алтындын" жетекчиси, "Кыргыз индустрия" мамлекеттик ишканасынын башкы директору болгон. Жумагул врач, Бегимбай, Али, Сүйүмбай – бизнесмен, Маалимбү мектеп директору, арасында мугалимдер, технологдор бар. Классташтар жөнүндө мезгили келгенде дагы сөз кыларбыз.



Мектеп-интернаттан 8-классты бүткөн соң, Оштогу автожол техникумуна классташым Бегимбай экөөбүз тапшырып өтүп кеттик. Бул 1976-жылдын август айы эле. Техникумда окуу 3 жыл 10 ай болуп, эки жылын Ош шаарында, 1 жыл 10 айын Бишкек (мурдагы Фрунзе) шаарында улантып, автоунааларды оңдоо боюнча техник-механик адистигине ээ болдук. Ош шаарында окуган эки жылы айылга байма-бай каттап турдум, анткени ар бир окуу жылы эки семестрге бөлүнүп, семестрдин бүтүшүнө зачет, экзамендер болуп, аларды тапшырган соң каникул күндөрүндө сөзсүз айылдагы үйгө барып кайтаар элек.

Суук-Дөбө, Мала-Жар, Кызыл-Жар, Ажике жайлоосунун кокту-колотторунан башталып, Кызыл-Булак, Кара-Булак, Ничке-Жылга, Тегерек-Саз жана Конокбай-Талаа айылдарын аралап агып келген суулар Мазар-Дөбөнүн жанына чогулуп, жаз айынын башында суу киргенде өзүнчө эле дарыяга айланып, мезгилинде адамдарды кыйла эле сестентип, атчан бастырсаң аттын омуроосунан келип, ал эми жай мезгилинде азайып, жай аккан сууга айланчу. Мына ошол суунун боюна жакын, Мазар-Дөбөдөн 20-25 метр аралыкта аялдама болор эле. Аялдама Мазар-Дөбөнүн бор ташынан салынып, үстү шыйпыр менен жабылып, ичинде 9-10 адамга ылайык отуругуч менен жасалганалып, ысыкта, жаан-чачында, кар жааган учурларда жашынганга калка болчу. Ал эми анын маңдайындагы Мазар-Дөбөнүн андай аталышы качантан башталганы белгисиз, бирок, биз эс тартканда эле ошондой аталчу. Анын ошол аялдама турган тарабындагы түбүндө, таштан сызылып чыккан кичинекей булак болор эле, ал булактын суусунун дарылык касиетин айтып калышар эле. Ар кандай айыкпаган жараларды булактын суусу менен жууса айыгып каларлыгын айтып калышчу. Булактын жанында кичинекей дарак өсүп турар эле, ошого барып ар кандай чүпүрөктөрдү илишип, сууга майда тыйын-тыпырларын ыргытышып, ары-бери өткөн адамдар сыйынышар эле. Мына ошол Мазар-Дөбөнүн үстүнө кийинчерээк түштүк-батыш тарабынан жол салышып, кенчилер анын үстүнө трактор менен чыгышып, чалгындоо иштерин жүргүзүшкөн. Андан чоң-чоң таштарды кыркып түшүшүп, алардын ар бири номерленип, жолдун боюнда жатчу. Бул таштардан Бишкектеги Манас аэропортуна алып кетишип, жасалгалоо иштерине колдонушкан деп айтып калышчу. Кийин уксак, ал дөбө толугу менен ангидрид ташынан турат экен да, аны дубалдын ички жасалгасына керектесе болот экен. Бир жолу иштеп жатып, тракторчу трактору менен түшүп кетип, чоң кырсык болуп, мерт кеткен. Ошол кырсыктан кийин кенчилер азыраак убакытка жүрүштү да, жумуштарын токтотуп коюшту, кийин ал дөбөгө кызыккан адам деле болбоду окшойт.

**(уландысы кийинки санда)**



**Калил Орозалиев.**

# ТӨРТ КӨЧӨДӨ ТӨРТӨӨБҮЗ...

**(Башталышы мурунку санда)**

Бул жашоо өз мыйзамынан жазбай мелтирегени мелтирегендей сырдуу сүрү менен каардангany бир калыпта болгондой көрүнгөнү-көрүнгөн тура. Төртөөбүздүн бирөөбүз болгон чиедейибизден бирге өскөн классташ теңтушубуз Калдыбай тууурасында анын көзү өткөн соң Омар, Абдимитал үчөөбүздүн ортобузда көп сөз боло турган болду. Пенденин кадыры көзү барда сезилбегени менен чымындай жаны чыркыраган ажалга моюн сала арkы дүйнөгө, кайтпас дүйнөгө ала салгандан соң көп байкалат белем.

Калдыбай менен биз бир өрөөнүндө эс тарта чоңойдук. Бизден да башка классташ досторубуз бир топ. Биздин алардан өзгөчөлөнгөнүбүз төрт көчөдө көп жолугуп өмүрдүн баш аламан күндөрүндө дайыма баарлашканыбыз сыйын берди окшойт. Кара-Кулжада жашап турганда болжошкондой төрт көчөдөн жолугуп калчубуз. Ал учурда замандын шары ушундай болгон тура. Коомдук түзүлүштө ар кандай чайпалуулар орун алган. Жашоо түзүлүшү өзгөрүүлөр рынок шарты коомчулукта орун ала үстөмдүгүн баштаган. Элдин баары жапа тырмак соода сатыкты пеш кыла, оокат тирилики өткөрүүгө там-туң баскан наристедей киришкен учур эле.

Жолукканда эле чакалай болгон торпоктой бири-бирибизге сөйкөнчү адатыбыз бар эле. Бул мүнөз балалыгыбыздан калган. Мектепте окуп жүргөндө деле тытышып калчубуз. Ошондон эле Калдыбай бажаңдаган чырылдак бала болчу. Ар кимибиз сыртыбыздан өзүбүзгө баа бере албаганыбыз менен сырттан караганда жанында турган ким болсо да сынтага көз чаптырганга маш болгон пенде үчүн бул деле купуя сырдай. Калдыбай жөнүндө көбүрөөк айыз кылганыбыздын сыры башкада. Ал бизден өзгөчөлөнүп талантуу жагы бар эле. Ырдаганды жакшы көрчү. Анын таланты мектепте окуп жүргөндө ачылды. Атасынын колундагы жалгыз бээсин ыйлап жүрүп пулдатып, ошол учурдагы музыкалык аспаптардын кызуу болгон аккордеон саттырып алган. Аны тез эле обонго сала ойногонду үйрөндү. Шыгы бар экен аккордеонду өзү ойноп, коштоосунда ырдап да жүрдү. Мектепте музыкалык оюн-зооктордо анын көркүн ачкан шыктуу окуучу катары кадыры жогорулады.

Бул учур өткөн кылымдын жетимишинчи жылдары эле. Андан бери далай буурул таңдар атып, чоктой кызарган күндөр намашам тарта агарган күндү көзгө сайса көрүнгүс түнгө айлантты.

Өмүр деген ушундай чиелене өтө берет экен. Ошол учурда эмнени ойлонгонуңдун нымымдай да ныmдуулугу калбагандыгы адам чиркинди дайыма ойго салгандыгы салган окшойт. Калдыбай, Абдимитал, Омар мен, мен дегеним Төштүк. Төрт көчөдө төртөөбүз отуз жылдын чамасында күндө болбосо да күн арада жолугуп турчуубуз. Анан эле капчыгыбызды кашылай, далай жолу шараптан сеп этмейди да калтырчу эмеспиз. Андан соң, чайкананын чоң залына баш бакчубуз. Кай жерде сөрүчө болсо ошол жерге жамбаш баса отурганбыз. Ортобузга эки чайнек чайды, эки нан, төрт кант Омар баарыбыздан озуна сунуштап калат. Анан эки колун шымынын жан чөнтөктөрүнө сала, саналуу эле акчасын чыгара, тамашалай, "мобул акча деген болот, муну көрүп калдыңар түгөнгөнчө менин артымдан ээрчийсиңер го" дейт. Калдыбай эки жоон санын эки колу менен шаңдуу каткыра чапкылайт да бир жагына жамбаштайт да, болгон акчасын чыгарат. Омар кам санабашыбыз керек экен... Бүгүн биз эч кимге салам бербейт турбайбызбы деп оозун кере карыш ача чалкалаган боюнча каткырып калат. Абдимитал көзүн гүлмүңдөтө алардын жоругуна мыйыгынан мыкыр жылмайа мага суроо таштагандай болот. Мен да алардан алыс болбой "Жандоочу кийик аттырат" дегендей алардын жоруктарын коштой берем. Чайканада элдин деминен ичи аз да болсо тумандап чыгат. Олтургандар ааламды аңтарган ойлорду ортого салат. Алардын божурашканы кадимки эле тажаал ала канат чымчыктардын чокулаша чурулдаганын эске түшүрөт. Чайканада мындый учурлар күн демин суутпай орун алат. Калдыбай Омардын өзгөчө жоруктарына көп маашырлана турган. Ал гана эмес чайканада олтургандардын баары Омардын оңду-солду чапчый сүйлөгөнүнө кыраан катуу күлкүлөрү менен чайкананын көркүн чыгарыша турган. Ошондон уламбы төртөбүзгө тең төрт көчө өмүрдүн сулуу күндөрүн тартуулады.

Токсонунчу жылдардан ушул учурга чейин өзүбүзгө баалуу сезилген төрт көчөдө дагы эле жолугабыз. Мен Оштон барганда аларга дайыма жолукмай адатым бар. Анан бир гана Калдыбай жок. Анын аалам салганы жер сыйпалап таппай калгандай эле болду. Негизи бала кезден божурашкан ынактар башкача болот бейм. Канчалык таарынычка барсаң да баарын каш-кабактын ортосунда унутаарыбызды сезбей да калчубуз.

Алыскы сапарга жол бараткаган өмүрдө "Алыбай алына жараша" дегендей аалам айдыңына коколой башка эмне келсе ошону көрүү табериги кандай кайсаңдасаң да ал нерсе өзүңдүн тагдырың экендиги айныксыз. Көрсө турмуш сыры да ушундай окшойт. Биздин кимдир бирөө айтмакчы адресибиз бир тура. Төртөөбүздүн тең тамыр тереңибиз бир экен. Калдыбайдын, Омардын, менин аталарыбыз койчу, чабан эле. Абдимиталдын атасы кат-кабар ташыган почточу болгон. Согуштун катышуучусу. Баары бул ааламда жок. Көрбөгөндүн көргөнү курусун дегендей төртөөбүздүн тең пейил-куюлубузда куюлушкан куйруктай чубалган окшош тарыздер мол. Бири-бирибизге мадибий болгонубуз гана болбосо эгиз козудайлыгыбыз ата сакал оозубузга кирсе да өзгөрүлө алганыбыз жок.

**(уландысы кийинки санда)**

**М. Жуманазаров,**
**журналист.**

Кутман курак

# Өмүрлүк жубайлар 70 жашта

Бул жашоодо адам баласы үчүн эң кымбаты, эң ыйыгы өмүр болуп эсептелет эмеспи.

"Өмүр деген кыпкызыл гүл жайнаган,

Өмүр деген булбул бакта сайраган"-деген ыр саптары аргасыздан эске түшөт. Бул жашообузда ар бир күндүн өткөнү өмүрүбүз менен байланышып турат. Ошол жашоону маңыздуу, көңүлдүү, жаркын маанайда өткөргөнгө эмне жетсин. Мен мына ошондой ынтымактуу үй-бүлө жөнүндө жазууну көөдөнүмдө сактап жүрдүм эле. Алар Кара-Суу районундагы Кыргыз-Чек айылынын жашоочулары Мамаджан Айылчиев жана өмүрлүк жубайы Анаркан Мамытова.

Эки инсандын турмуш куруп, үй-бүлөлүк бакытты бекем кармашып, түндүгүнөн түтүн булатып, коломтонун отун өчүрбөстөн, бири-бирине өйдөдө өбөк, ылдыйда жөлөк болуп жашап келе жатышканына 46 жыл болуп, 70 жашка чыгып отурушат. Мааракe ээлери Ош шаарындагы Адыгине тойканасында мааракесин белгилешти. Айрыкча, бир туугандары, туугандары,



достору жана жакын санаалаштары келишип, каалоо-тилектерин айтышып тойдун көркүн чыгарышты. “Эл ичи өнөр кенчи” дегендей Мамаджан Айылчиевдин бир тууган карындашы Дилбар Айылчиева укулуктуу ырларды ырдап, көпчүлүктүн көңүлүн көтөрдү. Ыр ырдашып, бий бийлешип келген коноктор жүрөктөн чыккан сөздөрүн айтышып, жагымдуу маанай тартуулашты. Сөз арасында айта кетсек, Мамаджан Айылчиев өзү туулуп-өскөн Кыргыз-Чек айылындагы Курманжан Датка атындагы ооруканада 22 жылдан бери сантехник, электрик кызматтарын аркалап келе жатат. Дарыгерлер арасында урмат-сыйга татыктуу. Өзүнүн ишин так аткарат. Ал эми өмүрлүк жубайы Анаркан Мамытова Кара-Суу районунун Жоош айыл өкмөтүнүн Гайрат айылында туулган. Эки инсан 1979-жылы таанышып, баш кошушкан А. Мамытова да Кыргыз-Чек айылындагы Сыдык Алайчы атындагы орто мектепте 45 жылдан бери техникалык кызматкер болуп үзүрлүү эмгектенип келе жатат. Ошондой эле мектептин коомдук иштерине активдүү катышат. Ата-энелер жана көзөмөл комитетинин мүчөсү.

“Курманжан Датканын сиңдилери” аттуу “Шайыр апалар” тобунун катышуучусу. Мыкты ырдай да билет. Сөз соңунда, уулу Жыргалбек, келини Дамира, неберелери менен биргеликте атасы менен апасына бекем ден-соолук, узун өмүр каалашты.

70 жылдык мааракенин ээлерине келген коноктор ак баталарын беришип, өмүр, ден-соолук, бактылуу жашоо каалашты.

**Б. Ысакова.**

Социалдык камкордук

## Өкмөттүк Акселерат аркылуу майыптуулука өтүүнүн жеңилдетилген жолдору толук, так маалыматты калкка жеткирүү

2023-жылдын март айынан баштап «Өкмөттүк акселераторлор» программасынын №3 чакырыгы боюнча «Экспертизадан өтүүнүн кайра экспертизадан өткөрүүнүн майыптык фактысын белгилөөнүн жол-жоболорун жөнөкөйлөтүү» иш аракеттери башталган.

«Өкмөттүк акселераторлор» программасынын максаты- жарандарды күбөлөндүрүү жол-жобоосун жөнөкөйлөтүп, МСЭКке жаранды жиберүү жеңилдетилген шартта өткөрүүсүнө багытталган. Процесстерди автоматташтыруунун алкагында 088/у (МСЭКке жолдомо) электрондук форматта болууга, документтер толугу менен МСЭКке келип түшкөндөн кийин, жаран бир гана жолу келүүсү керек.

Аталган программаны ишке ашыруунун алкагында, Бишкек шаардык №1 жана №2 МСЭКтердин базасында 2023-жылдын июнь айынын тестирлөө иштери жүргүзүлгөн. 2023-жылдын октябрь айынын Бишкек шаары боюнча МСЭКтерде саламаттык сактоо уюмдарынан элктрондук документтерди кабыл алуу боюнча иштер башталган.

Азыркы учурда «Өкмөттүк акселераторлор» программасынын алкагында «Майыптыгы бар» адамдардын медициналык- социалдык экспертизадан, реабилитациялоодон өткөрүү процессин санариптин ченемдер аркылуу бюрократияны кыскартуу боюнча медициналык-социалдык эксперттик комиссиясы толугу менен электрондук жолдомо кабыл алып, МСЭКтин маалымкаты мүмкүнчүлүгү чектелген жарандын Түндүк системасына жүктөлөт.

**А. А Жалилова. Ош шаардык №2 МСЭК тин төрайымы.**

Жарыялар

### Жараксыз деп табылсын

Жеке ишкер Жээнбеков Мыктыбек Эркинбековичке берилген 3 мамлекетке жүк ташуу үчүн № 33391 уруксат кагазы (дозвол) жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

**ххх**

Жеке ишкер Тагаев Улан Таеровичке берилген 2 мамлекетке жүк ташууга уруксат кагазы (дозвол) № 126211 жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылды.

**ххх**

Мамлекеттик салык кызматынын каттоодон өткөн ИНН 21903194000279 болгон Алимов Батиржандын дыйкан чарбасын каттоо күбөлүгү жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

### Объявляется повторные публичные торги

«ОсОО «Люкс Консалт» объявляет повторные публичные торги в форме открытого аукциона, по продаже заложенного имущества: Жилой дом общей полезной площадью 135,34 кв.м., жилой площадью 47,0 кв.м., расположенный на земельном участке мерою 600,0 кв.м., идентификационный код 5-11-18-1005-1111, находящийся по адресу: Ошская область, г.Ош, ул. А.Дубанаева дом №67.

Стартовая цена заложенного имущества составляет 7 241 000 (семь миллионов двести сорок одна тысяча) сомов.

Для участия в повторных публичных торгах необходимо внести гарантийный взнос – 1 % от стартовой стоимости – на р/с в сомах 1117301200020271 БИК 111006 ЗАО «Банк Азии» до начала публичных торгов.

Выигравшим внесудебные повторные публичные торги на открытом аукционе признается лицо, предложившее наиболее высокую цену за продаваемое имущество. Покупная цена подлежит внесению в течение пяти банковских дней за вычетом суммы, внесенного гарантийного взноса после проведения торгов.

Повторные публичные торги состоятся 31 января 2026 г., в 12:00 ч. по адресу: Ошская область, г.Ош, ул. А.Дубанаева дом №67.

Сведения об Организаторе торгов:

ОсОО ЮК "Люкс Консалт", адрес: г. Бишкек, пр. Ч.Айтматова, д. 14, кв. 41, тел. 0-(312)-56-88-25, 0-(772)-30-30-32, р/с в сомах 1110002000041858, БИК 111006 ЗАО "Банк Азии", код ОКПО 29403204, ИНН 01603201610167.

### Объявляется конкурс

Проект «Повышение устойчивости водных ресурсов к изменению климата и стихийным бедствиям» – Дополнительное Финансирование, финансируемый

Азиатским банком развития.

Номер проекта: 51081-003

Объявляет конкурс на вакантную должность: Специалист по сельскому хозяйству ОРП в южном регионе.

Требования к квалификации

• Высшее образование в области гидромелиорации, агрономии и мелиорации земель;

• Наличие сертификатов, подтверждающих профессиональные знания и навыки, является преимуществом;

• Не менее 7 лет опыта работы в области гидротехники, мелиорации и улучшения земель.

Хорошее понимание специфики работы государственных учреждений (районное управление водного хозяйства), ассоциаций водопользователей, фермерских хозяйств и предприятий по производству семян;

• Опыт создания и внедрения демонстрационных участков и организации полевых дней для фермеров.

• Опыт проведения обучающих курсов и семинаров для фермеров по ирригации и агрономии.

• Не менее 3 лет опыта работы над международными проектами;

• Навыки подготовки различных видов проектной документации и отчетов;

• Хорошее знание письменного и устного кыргызского и русского языков. Знание английского языка является преимуществом.

• Компьютерные навыки (Windows, MS Office, Internet Explorer).

С подробным техническим заданием можно ознакомиться на сайтах: https://waterclimate.kg/, https://www.water.gov.kg/, портал государственных закупок (раздел «Конкурсы, объявленные проектами»)

Заинтересованные кандидаты должны предоставить письмо заинтересованности, с указанием контактного телефона и вакансии, резюме на русском и английском языках, копии документов, подтверждающих требуемое профессиональное образование, опыт работы и квалификацию не позднее 25 декабря 2025, 18:00 часов (Бишкекского времени) по следующему адресу: Проект «Повышение устойчивости водных ресурсов к изменению климата и стихийным бедствиям» – Дополнительное Финансирование, Служба Водных Ресурсов при Министерстве Водных Ресурсов, Сельского Хозяйства и Перерабатывающей Промышленности Кыргызской Республики.

г. Бишкек, ул. Токтоналиева 4а, каб. № 328, тел. +996 312 54 90 72

e-mail: ccd-rwrsp@water.gov.kg

Заявки без указания наименования вакансии, содержащие неполный пакет документов, поступившие позже указанного срока и не соответствующие требованиям рассматриваться не будут.

Только наиболее подходящие кандидаты будут приглашены на собеседование.

**ххх**

Проект «Повышение устойчивости водных ресурсов к изменению климата и стихийным бедствиям» – Дополнительное Финансирование, финансируемый Азиатским банком развития.

Номер проекта: 51081-003

Объявляет конкурс на вакантную должность: Специалист по социальным и гендерным вопросам ОРП в южном регионе.

Квалификационные требования и критерии оценки

• Высшее гуманитарное образование в области социологии, конфликтологии или смежных областях;

• Сертификаты, подтверждающие профессиональные знания и навыки, являются преимуществом;

• Не менее 5 лет опыта работы в соответствующей области и не менее 3 лет опыта работы над международными проектами. Хорошее понимание специфики работы государственных структур, опыт работы с сельскими общинами и неправительственными и/или общественными организациями;

• Навыки подготовки различных видов проектной документации и отчетов;

• Отличное знание русского языка и продвинутое знание английского языка обязательны;

знание кыргызского языка является преимуществом;

• Хорошие навыки работы с компьютером (Windows, MS Office, Internet Explorer).

С подробным техническим заданием можно ознакомиться на сайтах: https://waterclimate.kg/, https://www.water.gov.kg/, портал государственных закупок (раздел «Конкурсы, объявленные проектами»)

Заинтересованные кандидаты должны предоставить письмо заинтересованности, с указанием контактного телефона и вакансии, резюме на русском и английском языках, копии документов, подтверждающих требуемое профессиональное образование, опыт работы и квалификацию не позднее 25 декабря 2025, 18:00 часов (Бишкекского времени) по следующему адресу: Проект «Повышение устойчивости водных ресурсов к изменению климата и стихийным бедствиям» – Дополнительное Финансирование,

Служба Водных Ресурсов при Министерстве Водных Ресурсов, Сельского Хозяйства и Перерабатывающей Промышленности Кыргызской Республики.

г. Бишкек, ул. Токтоналиева 4а, каб. № 328, тел. +996 312 54 90 72

e-mail: ccd-rwrsp@water.gov.kg

Заявки без указания наименования вакансии, содержащие неполный пакет документов, поступившие позже указанного срока и не соответствующие требованиям рассматриваться не будут.

Только наиболее подходящие кандидаты будут приглашены на собеседование.

### Аукцион

Филиал ОАО «НЕС Кыргызстана»-Ошская предприятия электрических сетей (Ош ПЭС) объявляет аукцион на реализацию отходов металла в количестве:

- черного металла -48541, 7940 кг. По цене 13 сом за кг.

-меди-750,88 кг. По цене 500 сом за кг.

- свинец-1086,80 кг. По цене 40 сом за кг.

-алюминий- 25 629, 715 кг. По цене 60 сом за кг.

Требования к участникам аукциона: Заявка на участие на аукциона:

-Копия платежного документа подтверждающего внесение задатка 10 % от общей суммы стартовой цены.

-Полнота всех документов.

Реквизиты организации: ОАО «НЕСК»-Ош ПЭС г. Ош пр. Масалиева 102.

Р-с. 1090320108660140

БИК. 109003

ФОАО «Оптима Банк» в г. Ош

ИНН: 42308202210105

Аукцион состоится 12 января 2026 года в 10-00 часов за здании Ош ПЭС, по адресу: г. Ош пр. Масалиева 102. Заявки на участие в аукционе принимаются до 09-00 часов 12 января 2026 г. Телефон: 03222 4-11-16, 0-558-54-27-00.

# ФИНАНСЫ-КРЕДИТТИК УЮМДАР ТАРАБЫНАН УКУГУҢУЗ БУЗУЛСА УКУГУҢУЗДУ КАНТИП КОРГООГО БОЛОТ?

**Банктар, микрофинансылык уюмдар жана башка финансы-кредиттик уюмдар (мындан ары - ФКУ) менен өз ара мамилелер – заманбап адамдын ажырагыс бөлүгү болуп калды. Бирок, бул мамиле дайыма эле жакшы боло бербейт. Өкүнүчтүүсү, каржылык кызмат көрсөтүүлөрдүн керектөөчүлөрү (мындан ары – жарандар) айрым учурларда өздөрүнүн укуктарынын бузулушуна туш болушат: абийирсиз жарнамадан жана кызматтарды таңуулоодон баштап, мыйзамсыз эсептен чыгарууларга жана маалымат берүүдөн баш тартууга чейин. Бул макалада Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы (мындан ары – Улуттук банк) ФКУда жарандардын укуктары бузулса, жарандар өз укуктарын кантип коргоого болоорун маалымдайт.**



## 1-кадам: Сотко чейинки жөнгө салуу – ФКУнун өзүнө кайрылуу

Көзөмөлдөөчү органдарга кайрылуудан мурун ар дайым нааразы болгон ФКУга жазуу жүзүндө кайрылуу (даттануу) керек.

1) Даттанууну түзүңүз: Укук бузуунун маңызын кыскача жана так айтып бериңиз, кайсы укуктарыңыздын бузулганын (келишимге же мыйзамга шилтеме берүү менен) баяндап, конкреттүү талапты (мисалы, мыйзамсыз эсепке алынган каражаттарды кайтарып берүү, эсепке бөгөт коюунун себебин билүү же бөгөттөн чыгаруу, комиссияны кайра эсептөө, документтерди берүү, насыя тууралуу ж. б.у.с.) коюңуз.

2) Далилдерди тиркеңиз: Келишимдин көчүрмөлөрү, квитанциялар, үзүндүлөр, кат алышуунун скрин сүрөттөрү – сиздин позицияңызды тастыктаган нерселердин бардыгын даттанууга тиркеңиз.

3) Кантип кайрылуу керек: Доо арызды ФКУнун кеңсесине (филиалына) жеке өзүңүз (өзүңүздүн көчүрмөңүзгө кабыл алуу белгисин койдуруу менен) кат аркылуу же расмий интернет кабылдамасы (электрондук почта) аркылуу багыттаңыз. ФКУ сиздин арызыңызды белгиленген мөөнөттө карап чыгууга милдеттүү.

**Маалымат үчүн:** «Банктык кызмат көрсөтүүлөрдү сунуштоо жана керектөөчүлөрдүн кайрылууларын кароо тартибине карата минималдуу талаптар жөнүндө» (КР Улуттук банк башкармасынын 2015-жылдын 24-июнундагы № 35/10 токтому менен бекитилген) жобого ылайык, ар бир ФКУда кайрылууларды кароо жол-жобосу болуусу зарыл. Жол-жобо жана кайрылууларды сунуштоо ыкмалары (каналдары) тууралуу кеңири маалымат, ошондой эле даттанууларды жана сунуштарды каттоо китепчеси ар бир кеңседе көрүнүктүү жерде же маалымат такталарында жайгаштырылууга тийиш. Кайрылууларды кароо жол-жобосунун электрондук версиясы (керектөөчүгө тиешелүү бөлүгү) ФКУнун расмий интернет-сайтында (болгон шартта) жайгаштырылышы керек. ФКУнун башкы кеңсесинде жана филиалдарында керектөөчүлөрдүн кайрылуулары боюнча иш алып барган жоопту кызматкерлер бар, алар кайсы учурда болбосун кардарларды уюмда белгиленген эрежелер менен тааныштырууга милдеттүү. Ошондой эле, кызматкерлер керектөөчүгө телефон аркылуу оозеки кеп-кеңештерди



берип, зарыл учурда кат жүзүндө кайрылууну түзүүгө жардам беришет. Кайрылуу үчүн телефон номерлери финансы-кредит уюмунун маалымат такталарында жана расмий сайтында (болгон шартта) жайгаштырылууга тийиш.

Керектөөчүнүн кайрылуусу ички жол-жобого ылайык бекитилген тартипте, башкача айтканда керектөөчүнүн ФКУга жолдогон жазуу жүзүндөгү кайрылуусу отуз календардык күндөн кечиктирилбестен каралат жана ага жазуу жүзүндө жооп жөнөтүлүүгө тийиш. ФКУ кайрылуулардын адилеттүү, ар тараптуу жана өз убагында каралышын камсыз кылууга жана белгиленген тартипте алар боюнча түшүндүрмө берүүгө милдеттүү.

## 2-кадам: Көзөмөлдөөчү жана жөнгө салуучу органдарга кайрылуу

Эгерде ФКУ сиздин даттанууңузду этибарга албаса, мыйзамдуу талаптарды канааттандыруудан баш тартса, же сиз анын чечимине макул болбосоңуз, анда каржы рыногун көзөмөлдөгөн мамлекеттик органдарга кайрылуу керек. Алар:

**- Өлкөнүн Улуттук (Борбордук) банкы (Регулятор):**

1) Компетенттүүлүгү (ыйгарым укуктары): ФКУ тарабынан мыйзамдардын жана ченемдик укуктук актылардын бузулушу боюнча даттанууларды карайт, алардын ишин көзөмөлдөйт;

2) Керектөөчүнүн иш-аракети: Даттанууну онлайн кабылдама (электрондук почта жана/же whatsapp-канал) аркылуу же жазуу түрүндө бериңиз. Улуттук банк текшерүү жүргүзүп, мыйзам бузуулар аныкталган учурда ФКУга карата чара көрөт (бирок, сиз менен ФКУнун ортосундагы келишим боюнча жарандык-укуктук талаш-тартыштарга кийлигишпейт).

**Көңүл буруучу жагдай!** Улуттук банкка келип түшкөн жазуу жана оозеки кайрылууларда көрсөтүлгөн керектөөчүлөрдүн укуктарынын бузулгандыгы тууралуу дооматтардын көпчүлүгү тастыкталбайт. Анткени, кайрылуулардын басымдуу бөлүгү керектөөчүлөр өздөрүнүн жөнөкөй укуктарын жана милдеттенмелерин билбегени менен байланышкан. Көп учурда керектөөчүлөр келишимдердин шарттары менен таанышпай туруп кол коюуга шашылышат, андан кийин катаал шарттардан улам даттана башташат.

Мисалы, Улуттук банкка көптөгөн жарандар өздөрүнүн атынан башка адамдар кредит алып койгон соң, алдамчылыкка (шылуундарга) дуушар болгондон кийин арызданат. Көрсөтүлгөн жагдайда кабылган жарандар бул тууралуу ФКУга кредит алуу үчүн кайрылганда же шылуундардын жоруктарынан жабыркагандан кийин кайрылышат. ФКУлар жарандын кредити кайсы ФКУдан алгандыгы тууралуу маалымат бере албагандыгына байланыштуу, же шылуундарга каршы аракетти колдонууга кеч болгондугуна байланыштуу маселени чечүү үчүн жарандарды Улуттук банкка же укук коргоо органдарына кайрылууну сунуштайт. Териштирүүнүн (текшерүүнүн) жыйынтыгында мындай маселе боюнча кайрылган жарандардын көпчүлүгү кредитти өздөрү алган же шылуундардын жоруктарына өздөрү себептүү чагылгандыгынан келип чыгат. Жарандар дүкөндөн бир буюмду бөлүп төлөөгө алганын кредит катары эсептешпей, насыялык тарыхка таасирин тийгизбейт деп ойлогондуктан, насыялык отчёт-то анын атында кредит бар экендигин билдиришсе таң калышат. Шылуундарга болсо ишенүүдөн, коопсуздук чараларын колдонбогондон жана билбегенден келип чыгарын моюндагандан баш тартышат.

Ошондуктан, ар бир жаран өз укугун ФКУнун кызматын пайдалангандан кийин эмес, аны пайдалана баштаганга чейин билүүсү, коопсуздук чараларын, жеке маалыматтарын жана жеке техникалык шаймандарын колдонуу тартиптерин билүү зарыл.

**Маалымат үчүн:** Бүгүнкү күндө Кыргыз Республикасында эки насыялык бюро ишмердигин жүргүзүүдө. Алар: «Ишеним» Насыя Бюросу» ЖАК жана «Сэйф энд Саунд» Насыя бюросу» ЖАК.

Насыялык бюро насыялык маалымат алмашууну жүзөгө ашыруу боюнча кызматтарды көрсөтүүчү юридикалык жак болгондуктан, Улуттук банк жарандарга насыялык маалыматты түздөн-түз насыялык бюродон алуу зарылдыгын билдирет. Жарандар насыялык бюродон өзү жөнүндө жылына бир жолу акысыз негизде насыялык отчёт алууга укуктуу. Ал үчүн жаран насыялык бюрого жеке өзү же ишенимдүү өкүлү аркылуу кайрылуусу керек.



**- Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигине караштуу Монополияга каршы жөнгө салуу Мамлекеттик Агенттиги/ Керектөөчүлөрдүн укуктарын коргоо кызматы:**

1) Компетенттүүлүгү (ыйгарым укуктары): Керектөөчүлөрдүн, анын ичинде финансылык кызматтардын укуктарын коргоо. Керектөөчү катары сиздин укуктарыңыз бузулган учурда кызыкчылыктарыңызды коргойт.

2) Керектөөчүнүн иш-аракети: Доо арыз менен кайрылыңыз.

**- Башка органдар (бузууга жараша):**

1) Милиция/прокуратура: алдамчылык, уруксатсыз эсептен чыгаруу, коркутуу

2) Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Персоналдык маалыматтарды коргоо Мамлекеттик агенттиги: «Персоналдык (жеке) маалыматтар жөнүндө» мыйзамды бузган учурда (мисалы, жеке маалыматтарыңызды мыйзамсыз таратуу).

## 3-кадам: Сотко кайрылуу. Эгерде сотко чейинки ыкмалар натыйжа бербесе, бир гана жол бар – соттук тартипте укугуңуздун корголуусун талап кылуу

1) Доо арызын түзүңүз: Иштин бардык жагдайларын, келишимдин көчүрмөлөрүн, ФКУдагы дооматтарды жана жоопторду (же болбосо алардын жоктугун) жана бардык далилдерди камтышыңыз керек.

2) Мыйзамды колдонуңуз: Керектөөчүлөрдүн укуктарын коргоо боюнча мыйзамдарга, Жарандык кодекске жана башка тиешелүү эрежелерге шилтеме кылыңыз. Керектөөчүлөрдүн укуктарын коргоо мыйзамында кардардын талабын өз ыктыяры менен аткарбагандыгы үчүн ФКУдан айып пул өндүрүү мүмкүнчүлүгү каралган.

3) Юристке кайрылыңыз: Каржылык талаш-тартыштар көп учурда татаал болот. Квалификациялуу юристтин жардамы менен ийгиликке жетүү мүмкүнчүлүгүңүз жогорулайт.

## Эсиңизде болсун!

1) Ыкчам иш-аракет кылыңыз: Көйгөйдү чечүүнү узакка калтырбаңыз.

2) Бардык документтерди сактаңыз: Келишимдер, квитанциялар, үзүндүлөр, кат алышуулар, телефон чалууларды жаздыруулары – бул сиздин негизги далилиңиз.

3) Келишимди окуп чыгыңыз: Кол коюудан мурун шарттарды дайыма кылдаттык менен окуп чыгыңыз.